## 2022-жылга жана 2023-жылдын 1-жарым жылдыгына карата “Ден соолук кербени” долбоорунун (ЕАӨБнын гранты, 29.03.2019-жылдагы №2 Макулдашуу) финансылык отчеттуулугуна жүргүзүлгөн аудит жөнүндө Отчет

**Финансылык отчеттуулук боюнча корутунду**

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын 19.09.2023-жылдагы №06-1/745 жана №06-1/746 буйруктарына ылайык, 2022-жылга жана 2023-жылдын 1-жарым жылдыгына карата “Ден соолук кербени” долбоорунун финансылык отчеттуулугуна аудит жүргүзүлгөн, ал, каражаттардын булактары жана пайдаланылышы жөнүндө, долбоордун иш-чаралары боюнча каражаттардын пайдаланылышы жана атайын эсептин салмактуу балансы, финансылык абалы жөнүндө, ошондой эле Кыргыз Республикасын кошо каржылоо каражаттарын пайдаланылышы жөнүндө отчеттордон, атайын эсептен жана чыгымдар ведомостунан көчүрмөлөрдөн турат.

**Жетекчиликтин жоопкерчилиги**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун жетекчилиги (мындан ары – ММКФ) "2019-жылдын 29-мартында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Евразия өнүктүрүү банкынын ортосундагы “Ден соолук кербени (Кыргыз Республикасы)” долбоорун (27.06.2019-жылдагы №3213-VI Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен ратификацияланган) каржылоо үчүн Евразиялык турукташтыруу жана өнүктүрүү фондунун каражаттарынан 2,0 млн. АКШ доллары өлчөмүндө грант берүү жөнүндө №2 Макулдашууга ылайык, долбоордун 2-бөлүгүнүн ишке ашырылышына жооп берет. Буга байланыштуу, ММКФ иш-чараларды түздөн түз ишке ашыруучу мекемелер: Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук госпиталь (мындан ары - УГ) жана Жалал-Абад областтык клиникалык оорукана (мындан ары – ЖАОКО) менен макулдашуу түзгөн.

ММКФ каражаттардын тескөөгө, эсеп жүргүзүүгө, каражаттардын максаттуу пайдаланылышына, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине Макулдашуу менен каралган финансылык жана башка отчетторду берүүгө, кабыл алынган бухгалтердик эсептин жол-жобосун жана саясатын аткарууга, чарбалык операцияларды жүргүзүүдө мыйзамдын сакталышына, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине, №2 Макулдашууга, Макулдашууга карата 1-тиркемеге (Евразиялык турукташтыруу жана өнүктүрүү фондунун каражаттарынан катышуучу мамлекетке грант берүү жөнүндө макулдашуунун стандарттуу шарттары),

“Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” жана “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 31.12.2013-жылдагы №722 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерде финансылык башкаруу жана контролдоо жөнүндө” Жобого, Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы № 137 буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жүргүзүү боюнча” Жобого, Финансы министрлигинин 30.12.2013-жылдагы №221-П буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда эсеп саясаты жөнүндө” Жобого (1-тиркеме), Финансы министрлигинин 30.12.2013-жылдагы №221-П буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда отчетту даярдоо жөнүндө” Жобого (2-тиркеме), Финансы министрлигинин 30.12.2013-жылдагы №221-П буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти уюштуруу жөнүндө” Жобого (3-тиркеме) ылайык, финансылык отчетту даярдоого жана туура берүүгө жооп берет.

ММКФ жетекчилиги кыянаттык менен пайдалануу жана каталарга негизделген олуттуу бурмалоолорду камтыбаган, тышкы колдонуучулар үчүн финансылык отчетту даярдоо жана мыйзамды сактоо милдетин, ички контролдоо системасын камсыз кылууга милдеттүү.

**Эсептөө палатасынын жоопкерчилиги жана аудит масштабы**

Эсептөө палатасынын жоопкерчилиги жүргүзүлгөн аудиттин негизинде финансылык отчеттуулук жөнүндө пикирди билдирүүдө турат. Аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 05.06.2013-жылдагы № 01-3/48 токтому менен бекитилген, Финансылык аудитти жүргүзүү боюнча колдонмого жана аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлдү. Бул стандарттар этикалык талаптарды аткарууга, ошондой эле финансылык отчеттуулук олуттуу бурмалоолорду камтыбагандыгы жөнүндө ишенимди камсыздоо үчүн, аудитти пландоого жана жүргүзүүгө милдеттендирет. Аудит корутундуларды тастыктоочу жетиштүү жана талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду өзүнө камтыйт. Талаптагыдай жол-жоболорду тандоо, алдамчылыктын жана катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу баалоону камтуу менен, аудитордун кесипкөй ой-пикирине жараша болот. Аудит алынган аудитордук далилдер аудитордук корутундуну көрсөтүү үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай деп эсептейбиз.

**Пикирди модификациялоо үчүн негиз**

***Гранттык каражаттарды каржылоо***

***Аныкталды 1***

“2019-жылдын 29-мартында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Евразия өнүктүрүү банкынын ортосундагы “Ден соолук кербени (Кыргыз Республикасы)” долбоорун (27.06.2019-жылдагы №3213-VI

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен ратификацияланган) каржылоо үчүн Евразиялык турукташтыруу жана өнүктүрүү фондунун каражаттарынан 2,0 млн. АКШ доллары өлчөмүндө грант берүү жөнүндө №2 Макулдашууга ылайык, Башкаруучу менен макулдашылган бюджетке ылайык, долбоордун 2-бөлүгү боюнча бенефициарлар УГ менен ЖАОКОнун операциялык чыгымдарын каржылоо 400,0 миң АКШ долларын (салыктарды эске албастан) түзүшү керек эле. Долбоордун 2-бөлүгү боюнча алуучуга грант каражаттарын берүү, УГ менен ЖАОКОнун өзүнчө казыналык эсептерине чегерүүгө тиешелүү КРУБдагы атайын эсепке каражаттарды чегерүү аркылуу, гранттын каражаттарынын эсебинен төлөөгө тиешелүү, күтүлгөн чыгымдарды алуучуга авансалоо ыкмасы менен жүргүзүлөт.

Долбоордун 2-бөлүгүн ишке ашыруу мөөнөтү ичинде, бенефициарлар факты жүзүндөгү чыгымдар боюнча жалпы 265,8 миң АКШ долларында каржыланган, анын ичинен: ЖАОКО - 146,7 миң АКШ доллары же пландалгандан 53,3 миң АКШ долларына аз жана УГ - 119,1 миң АКШ долларында же пландалгандан 80,9 миң АКШ долларына аз.

***Корутунду 1***

Профилактикалык кароону өткөрүү, оорулардын баштапкы профилактикасы жана “Ден соолук кербени (Кыргыз Республикасы)” долбоорун медициналык жана санитардык маалымдоо боюнча иш-чараларды каржылоо үчүн, долбоордун 2-бөлүгү боюнча Евразиялык турукташтыруу жана өнүктүрүү фондунун каражаттарын 134,2 миң АКШ долларында толук эмес каржылоого байланыштуу, долбоор максатына жетпей калгандыгы белгиленген.

Ошондой эле, күтүлгөн чыгымдарды авансалоо ордуна, факты жүзүндө чыгымдар боюнча долбоордун 2-бөлүгү боюнча алуучуга грант каражаттарын берүү бөлүгүндө түзүлгөн Макулдашуунун шарттары сакталган эмес.

***Аныкталды 2***

ММКФ бенефициарлардын атайын эсебине каражаттарды кечигүү, б.а. табыштама датасынан бөлүү менен которгону аныкталды. Алсак:

- УГ - 7 учур: 4 күнгө (1 625,6 миң сом - 20.05.2022-жыл), 15 күнгө (1 953,2 миң сом - 14.06.2022-жыл), 6 күнгө (460,8 миң сом - 20.07.2022-жыл), 6 күнгө (775,7 миң сом - 28.11.2022-жыл), 8 күнгө (1 320,0 миң сом - 21.12.2022-жыл), 5 күнгө (635,2 миң сом - 30.03.2023-жыл), 6 күнгө (3 194,8 миң сом - 02.05.2023-жыл). Мында, арызда жана каржылоодо каржылоо суммасынын четтешти 88,2 миң сомду түзгөн (10 053,6 миң сомго табыштама, факты жүзүндө - 9 965,3 миң сом);
- ЖАОКО - 4 учур: 5 күнгө (2023-жылдын майында 1 881,9 миң сом), 4 күнгө (2022-жылдын октябрында 2 634,0 миң сом), 10 күнгө (2022-жылдын майында 1 725,1 миң сом), 41 күнгө (2022-жылдын ноябрь-декабрында 1 662,6 миң сом).

***Корутунду 2***

ММКФ алуучунун атайын эсебине каражаттарды өз учурунда которуу бөлүгүндө, Макулдашуунун 1-тиркемесинин 3.1, 4.7 жана 4.8-пункттарын аткаруу камсыздалган эмес, анткени, табыштама датасынан бөлүү учурлары

аныкталган: УГ - 7 учур, ЖАОКО - 4 учур. Мындан сырткары, УГ табыштамасында көрсөтүлгөн каржылоо жана каржыланган суммаларынын четтешти 88,2 миң сомду түзгөн.

***Аныкталды 3***

"2019-жылдын 29-мартында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Евразия өнүктүрүү банкынын ортосундагы "Ден соолук кербени (Кыргыз Республикасы)" долбоорун каржылоо үчүн Евразиялык турукташтыруу жана өнүктүрүү фондунун каражаттарынан грант берүү жөнүндө №2 Макулдашууга ылайык, долбоордун 2-бөлүгү боюнча бенефициарлардын операциялык чыгымдарын каржылоо, салыктарды эсепке албастан каралган.

УГ грант каражаттарынын эсебинен, КММ контракттарынын алкагында 425,26 АКШ долларында КНС төлөгөнү аныкталган. Аудит учурунда (13.10.2023-жылы) сомго карата АКШ долларынын курсу (КРУБ) 89,17 сомду түзгөн, же КНС суммасы 37,9 миң сом (425,26*89,17).

Макулдашуунун 4-тиркемеси менен, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине грант каражаттарынын эсебинен төлөм жүргүзүлгөн контракттарды салыктан бошотууну камсыздоо, ошондой эле грантка жеткиликтүү мезгил аяктаган датадан жана грант каражаттарынан каржылоо аяктагандан кийин, алуучунун бюджетинен долбоордун 2-бөлүгүн каржылоо жана ишке ашыруу механизмдерин түзүү жана ченемдик жөнгө салууда, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине жардам көрсөтүү каралган.

***Корутунду 3***

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан анын төлөмдөрү гранттын каражаттарынын эсебинен жүргүзүлгөн контракттар боюнча салыктан долбоорду бошотуу бөлүгүндө Макулдашуунун 4-тиркемесин аткаруу камсыздалган эмес. Алсак, УГ грант каражаттарынын эсебинен, КММ контракттарынын алкагында 425,26 АКШ долларын же 37,9 миң сом (425,26*89,17) төлөгөн.

***Кошо каржылоо каражаттары***

***Аныкталды 1***

"Ден соолук кербени (Кыргыз Республикасы)" долбоорунун 3-тиркемеси менен, бюджеттик каражаттар (кошо каржылоо) түрүндө бенефициарларды жалпы 48,0 миң АКШ доллары (автопоезддер үчүн медикаменттер жана медициналык багыттагы товарлар) же 4 067,5 миң сом суммасында каржылоо булактары каралган.

Медициналык товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга багытталган кошо каржылоо каражаттарынын эсебинен, бенефициарларга эмгек акы жана командировкалык чыгымдарды төлөөгө 2 072,6 миң сом багытталган, анын ичинен: УГ - 936,5 миң сом жана ЖАОКО - 1136,1 миң сом. Мындан сырткары, аудит учурунда УГда кошо каржылоо каражаттарынын калдыгы 379,1 миң сомду түзгөн.

***Корутунду 1***

Кошо каржылоо каражаттарынын эсебинен бенефициарларга эмгек акы жана командировкалык чыгымдарды төлөөгө 2 072,6 миң сом багытталган, анын ичинен: УГ - 936,5 миң сом жана ЖАОКО - 1136,1 миң сом. Аудит учурунда УГда кошо каржылоо каражаттарынын калдыгы 379,1 миң сомду түзгөн.

**Аудитордун пикири**

Биздин пикирибизче, "Пикирлерди модификациялоо үчүн негиздер" параграфында жазылган факторлордун таасир берүүсүнөн сырткары, 2022-жылга жана 2023-жылдын 1-жарым жылдыгына карата "Ден соолук кербени" долбоору боюнча финансылык отчеттуулук, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине, "2019-жылдын 29-мартында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Евразия өнүктүрүү банкынын ортосундагы "Ден соолук кербени (Кыргыз Республикасы)" долбоорун (27.06.2019-жылдагы №3213-VI Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен ратификацияланган) каржылоо үчүн Евразиялык турукташтыруу жана өнүктүрүү фондунун каражаттарынан 2,0 млн. АКШ доллары өлчөмүндө грант берүү жөнүндө №2 Макулдашууга, Макулдашууга карата 1-тиркемеге (Евразиялык турукташтыруу жана өнүктүрүү фондунун каражаттарынан катышуучу мамлекетке грант берүү жөнүндө макулдашуунун стандарттуу шарттары), "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" жана "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 31.12.2013-жылдагы №722 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерде финансылык башкаруу жана контролдоо жөнүндө" Жобого, Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы № 137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жүргүзүү боюнча" Жобого, Финансы министрлигинин 30.12.2013-жылдагы №221-П буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда эсеп саясаты жөнүндө" Жобого (1-тиркеме), Финансы министрлигинин 30.12.2013-жылдагы №221-П буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда отчетту даярдоо жөнүндө" Жобого (2-тиркеме), КР Финансы министрлигинин 30.12.2013-жылдагы №221-П буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти уюштуруу жөнүндө" Жобого (3-тиркеме) ылайык, бардык олуттуу аспекттер менен туура берилген.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **З.А. Сатаев**